**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«11»-август 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги XI сессия**

**ТОКТОМ** **№3** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарындагы муниципалдык трансформаторду Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү" мыйзамынын 19-беренесине ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 15.07.2025-жылдагы №01-18/4396 сандуу катты Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын 30.07.2025-жылдагы отурумунда карап, комиссиянын корутундусуна ылайык, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаарындагы Ж.Болотов атындагы №21-жалпы орто билим берүүчү мектебиндеги муниципалдык трансформаторду Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына акысыз өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Электр жабдууларды Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына мыйзам чегинде өткөрүп берүү жагы Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгынын башчысына (С.Эргешов) милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Турдубеков О.Т.**